КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

КОЧКОРБАЕВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

КОЧКОРБАЕВСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ №7/ III-27

28.02.2017 жыл Кенеш айылы

## Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2016-жылдагы бюджетинин аткарылышы, Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2017-жылга карата бюджетин бекитүү жана 2018-2019-жылдарга бюджеттин болжолу жөнүндө

2016-жылдын 16-майындагы № 59 Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102-беренесинин негизинде Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы Э. Керимкуловдун жана каржы бөлүмүнүн башчысы Д. Эгемкулованын "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2016-жылдагы бюджетинин аткарылышы, 2017-жылга карата бюджетин бекитүү жана 2018-2019-жылдарга бюджеттин болжолу жөнүндөгү" билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап Кочкорбаев айылдык Кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2016-жылдагы бюджетинин аткарылышынын киреше бөлүмүнүн суммасы 11039,7 миң сом, чыгаша бөлүмүнүн суммасы 13185,1 миң сомго бекитилсин.

2. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2017-жылга бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүмүнө 9321,7 миң (тогуз млн. үч жүз жыйырма бир миң жети жүз) сом бекитилсин.
   Жергиликтүү бюджеттин 2017-жылга карата кирешенин булактары түзүлсүн.

3. 2017-жылы Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине салык агенттеринин жеке киреше салыгынын жердин астын иштетүү (алтын, нефть, газ иштетүүнү алып салганда) нормативдик түшүүлөрү 50%, чегинде, сатуудан түшкөн салык – 50 %, административдик салык -50 % болуп бекитилсин.

4. Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2018-2019-жылдарга бюджетинин негизги параметрлери боюнча болжолу жактырылсын: 2018-жылга карата кирешенин жана чыгашанын болжолунун суммасы 11355,1 миң сом, 2019-